УДК 339.92

# КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ТҮШТҮК КОРЕЯНЫН ОРТОСУНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК: ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ ЖАНА ТОСКООЛДУКТАР

**Сакмурзаева Наргиза Талантбековна**
Кыргыз-Түрк Манас университетинин Коомдук илимдер институтунун Эл аралык мамилелер бөлүмүнүн магистранты <e-mail: nargizasakmurzaeva@gmail.com>

# ЭКОНОМИЧЕСКОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО КЫРГЫЗСТАНА С ЮЖНОЙ КОРЕЕЙ: ПЕРСПЕКТИВЫ И ПРЕПЯТСТВИЯ

**Сакмурзаева Наргиза Талантбековна**,
магистрант отделения Международных отношений, Института социальных наук Кыргызско-Турецкого университета «Манас» <e-mail: nargizasakmurzaeva@gmail.com>

# KYRGYZSTAN’S ECONOMIC COOPERATION WITH SOUTH KOREA: PERSPECTIVES AND OBSTACLES

**Nargiza Sakmurzaeva Talantbekovna**,
Graduate Student of International Relations Department, Institute of Social Sciences, Kyrgyz-Turkish Manas University <e-mail: nargizasakmurzaeva@gmail.com>

**Аннотация**

Акыркы жылдары Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы кызматташтык өнүгүү этабына өтүүдө. 2013-жылдын ноябрь айында Кыргызстандын мамлекет башчысы Алмазбек Атамбаевдин, 2014-жылы Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбековдун Түштүк Кореяга болгон расмий иш сапарлары Кыргызстандын тышкы саясатында Түштүк Корея менен болгон мамилелерди жаңы баскычка көтөрдү. Бул макаланын негизги максаты Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы кызматташтыкты анализдөө жана эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык мамилелердин перспективаларын жана тоскооолдуктарын аныктоо болуп саналат.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстан, Түшүк Корея, экономикалык кызматташтык, кызматташтыктын перспективалары.

**Аннотация**

В последние годы дипломатические отношения Кыргызстана с Южной Кореей переходят на новый уровень сотрудничества. Официальный визит президента Кыргызстана Алмазбека Атамбаева в ноябре 2013 г. и официальный визит спикера Парламента Асылбека Жээнбекова в Южную Корею повлияли на приоритеты внешней политики государства в отношении сотрудничества с Южной Кореей. Целью этой статьи является анализ двусторонних отношений в области экономики и определение перспектив и препятствий экономического сотрудничества между Кыргызстаном и Южной Кореей.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Южная Корея, экономическое сотрудничество, перспективы сотрудничества.

**Abstract**

The last years cooperation between Kyrgyzstan and South Korea have entered a stage of development and deepening. The official visits to South Korea of the President of Kyrgyzstan Almazbek Atambayev in November 2013 and the Parliament Chairman Asılbek Ceenbekov in 2014 shows that the cooperation with South Korea is beginning to be one of the important issues in the foreign policy of the country. The main purpose of this article is to analyze the relations between

Kyrgyzstan and South Korea and to find out the perspectives and obstacles of economic cooperation between the two countries.
**Keywords:** Kyrgyzstan, South Korea, economic cooperation, perspectives of cooperation.

**Киришүү**

Акыркы мезгилде Алыскы Чыгыш өлкөлөрүнүн Кыргызстандын тышкы саясатында маанилүү орун ээлеп баштаганын байкоого болот. Өзгөчө Түштүк Корея, Япония жана Малайзия менен болгон дипломатиялык мамилелер өнүгө баштады. Алыскы Чыгыш өлкөлөрүнүн арасында орун алган Түштүк Корея мамлекетинин Кыргызстан менен болгон кызматташтыгы өнүгүү этабына өтүүдө. Түштүк Кореянын расмий аталышы Корея Республикасы. Бирок бул макалада Корея Республикасынын расмий эмес аталышы катары Түштүк Корея колдонулду. Бул макаланын негизги максаты Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы кызматташтыкты анализдөө жана эки өлкөнүн ортосундагы соода-экономикалык, билим берүү жана маданий мамилелеринин перспективаларын аныктоо болуп саналат. Буга байланыштуу эки мамлекет ортосундагы мамилелер изилденип, жыйынтыгында кайсы тармактарда кызматташтыктын келечеги бар экендиги айкын аныкталат.

1992-жылы эки өлкө ортосунда дипломатиялык мамилелер түзүлгөн. Ал эми 1997-жылы Кыргызстандын туңгуч мамлекет башчысы Аскар Акаевдин Түштүк Кореяга болгон расмий иш сапарынан кийин 2006-жылга чейин бир да эки тараптуу жолугушуу жүргүзүлгөн эмес. Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда мамилелер 1992-жылы түзүлгөнүнө карабастан, 2005-жылдарга чейин эки тараптуу катнаштар өтө чектелүү болгон. 2007-жылы Түштүк Кореянын Бишкекте элчилигинин ачылышы Кыргызстан-Түштүк Корея кызматташтыгынын өнүгүүсүнө жол ачты. 2006-жылдан бери эки өлкө ортосунда расмий иш сапарлар тынымсыз жүргүзүлүп келүүдө. Тилекке каршы, Кыргызстан менен Түштүк Корея кызматташтыгынын тарыхында Түштүк Кореянын мамлекет башчысы жана тышкы иштер министри деңгээлиндеги жогорку даражадагы иш сапарлар жүргүзүлгөн эмес.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда жашап жаткан 17000 жергиликтүү Корей элин бириктирип турган Кыргызстан Корейлер Коомдук Бирикмеси эки мамлекет ортосундагы мамилелерди өнүктүрүүдө олуттуу мааниге ээ. Бул уюм 1989-жылы “Чинсон” уюму катары ишмердүүлүгүн баштаган. (Асмолов, 2003) Ал эми 1990-жылдардын башында Кыргызстан Корейлер Коомдук Бирикмесине айланып ишмердүүлүгү кеңейтилген. Бүгүнкү күндө бул уюм Түштүк Кореянын элчилиги жана башка бир катар Кыргыз-Корей борборлору менен иш жүргүзүп, эки мамлекеттин ортосундагы кызмашшатыкты өнүктүрүүгө өз салымын кошууда.

**Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда дипломатиялык мамилелердин калыптануу процесси**

Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда дипломатиялык мамилелер 1991-жылы 31-январьда түзүлгөн. Бирок 1997-жылга чейин эки мамлекет ортосунда жогорку деңгээлдеги жолугушуулар жүргүзүлгөн эмес. Ошондуктан эки тараптуу мамилелерди калыптандыруу максатында Кыргызстандын тунгуч президенти Аскар Акаевдин 1997-жылы Түштүк Кореяга расмий иш сапары жасалган. (Токтомушев, 2001:141) Бирок бул учурда Азияда экономикалык кризис өкүм сүрүп тургандыктан Түштүк Кореянын Кыргызстанга карата экономикалык саясаты чектелүү эле. Негизинен КОИКАнын социалдык жана экономикалык проекттери аркылуу жардамдар көрсөтүлгөн.

2000-жылдарга чейин эки тараптуу кызматташтыкта дээрлик өнүгүү орун алган жок. 2001-жылы Түштүк Кореяда өтүлүүчү “Экспо-2010”эл аралык жарманкесине Кыргызстан да чакырылган. Биринчи ирет, Түштүк Кореялык ишкерлер жана инвесторлор менен жолугуушулар жүргүзүлдү. Буга кошумча Кыргызстанга жумушчу квоталар бериле баштады. 2001-2002-жылдары Кыргызстан менен Түштүк Корея Афганистанга гуманитардык жардам көрсөтүүдө кызматташышты. Акырындан эки өлкө ортосундагы мамилелер калыптана баштады.

Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы мамилелердин өнүгүүсүнө дем берген саясий окуя Түштүк Кореяда Кыргызстандын Консулдугунун ачылышы болду. Бир жылдан кийин эле 2007-жылы Түштүк Кореянын Кыргызстандагы элчилиги өз ишин баштады. Бирок бул убакытка чейин 2001-жылы түзүлгөн Корея Республикасынын билим берүү борбору Түштүк Кореянын консулдугунун милдетин аткарып келген. (Хван, 2017) Ал эми Кыргызстандын консулдугу 2008-жылы элчилик катары иштеп баштады. Эки мамлекеттин элчиликтеринин ачылышы Кыргыз-Корей мамилелеринин өнүгүүсүнө зор салымын кошту.

Эки мамлекет ортосунда дипломатиялык мамилелердин 1992-жылы түзүлгөнүнө карабастан, элчиликтер Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу кеч ачылган. Мисалы, Казакстан менен Түштүк Кореянын ортосунда дипломатиялык кызматташтык да 1992-жылы түптөлгөн. Бирок Казакстандын Түштүк Кореядагы элчилиги бир жылдан кийин эле 1993-жылы, ал эми Түштүк Кореянын Казакстандагы элчилиги 1996-жылы ачылган. Эки мамлекет ортосунда дипломатиялык мамилелер түзүлгөндөн кийин элчиликтердин ачылышы эки тараптуу кызматташтыктын өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда элчиликтердин салыштырмалуу кечирээк ачылышы эки тараптуу кызматташтыкты жаңы деңгээлге чыгарды. 2006-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин эки мамлекет ортосунда жогорку деңгээлдеги расмий жолугушуулар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Бирок, тилекке каршы, 1997-жылдан 2006-жылга чейин бир да мамлекеттик деңгээлде расмий жолугушуу болгон эмес.

Таблица 1 – Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда жүргүзүлгөн эки тараптуу расмий иш сапарлар

| Убактысы | Расмий иш сапарлар |
|---|---|
| 3-5-июль 1997-ж. | Кыргызстандын туңгуч мамлекет башчысы Аскар Акаевдин Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Июль 2006-ж. | Кыргызстандын Тышкы иштер министринин Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Август 2007-ж. | Түштүк Кореянын Эмгек министринин Кыргызстанга расмий иш сапары |
| Ноябрь 2007-ж. | Кыргызстандын өкмөт башчысынын милдетин аткаруучу Алмазбек Атамбаевдин Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Август 2008 | Түштүк Кореянын Улуттук Ассамблеясынын төрагасынын орун басарынын Кыргызстанга расмий иш сапары |
| 2008-жылы | Кыргызстандын вице премьер-министри Искендербек Айдаралиевдин Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Март 2009–ж. | Түштүк Кореянын Улуттук Ассамблеясынын депутаттарынын Кыргызстанга расмий иш сапары |
| Август 2011-ж. | Түштүк Кореянын Улуттук Ассамблеясынын депутаттарынын Кыргызстанга расмий иш сапары |
| 30-31-май 2012-ж. | Кыргызстандын өкмөт башчысы Өмүрбек Бабановдун Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Июль 2012-ж. | Кыргызстандын Тышкы иштер министринин Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Май 2013-ж. | Түштүк Кореянын Улуттук Ассамблеясынын депутаты Янг Сунг Джонун Кыргызстанга расмий иш сапары |
| 18-20-ноябрь 2013-ж. | Кыргызстандын мамлекет башчысы Алмазбек Атамбаевдин Түштүк Кореяга расмий иш сапары |

| | |
|---|---|
| Февраль 2014 | Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин төрагасы Асылбек Жээнбековдун Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Август 2014 | Корея Республикасынын Эл аралык Өнүгүү боюнча Агенттигинин (КОИКА) жетекчисинин Кыргызстанга расмий иш сапары |
| Январь 2015-ж. | Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин төрагасынын орун басары Султанбековдун Түштүк Кореяга расмий иш сапары |
| Октябрь 2016 | Түштүк Кореянын тышкы иштер министринин орун басары Ли Те Хонун Кыргызстанга расмий иш сапары |

Булак: Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги.

Бул таблицада Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы мамилелердин калыптанышын чагылдырган эки тараптуу расмий жолугушуулардын хронологиясы берилген. Байкалгандай 2006-жылдан бери эки мамлекет ортосунда жыл сайын үзгүлтүксүз расмий иш сапарлар жүргүзүлүп келүүдө. Бирок Кыргыз-Корей кызматташтыгынын кыска тарыхында Түштүк Кореянын мамлекет башчысы жана тышкы иштер министри деңгээлинде Кыргызстанга расмий иш сапар жүргүзүлгөн эмес. Демек, эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтыкты мындан ары да өнүктүрүү жана мамилелерди чыңдоо үчүн сөзсүз түрдө Түштүк Кореянын мамлекет башчысынын Кыргызстанга келүүсүн ишке ашыруу керек.

Кыргызстан менен Түштүк Корея эки тараптуу мамилелерди жүргүзүү менен бирге, “Түштүк Корея-Борбордук Азия” эл аралык кызматташтык форумунун негизинде кызматташышат. (Абдрисаев, 2016) Бул форум Түштүк Корея менен Борбордук Азиянын беш өлкөсүнүн ортосундагы кызматташтыктын көпүрөсү болуп саналат. Негизинен экономикалык мамилерди өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлөт.

**Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда экономикалык кызматташтыктын перспективалары жана тоскоолдуктары**

Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда соода-экономикалык мамилелер 1990-2004-жылдардын арасында өнүгүү көрсөткөн жок. Эки өлкө ортосундагы экспорт, импорт көрсөткүчтөрү жана соода балансын алып караганда Борбордук Азиянын Өзбекистан жана Казакстан сыяктуу мамлекеттерине салыштырмалуу өтө эле аз экени айкын. 1997-жылы эки өлкө ортосунда сооданын көлөмү 8 миллион долларды түзсө, 2004-жылы 53,2 миллион долларга көтөрүлгөн. Негизинен сооданын көлөмүнүн 90%ын Түштүк Кореядан келген импорт түзгөн. 2004-жылдан баштап эки өлкө ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкта өсүү байкалды. 2007-жылы соода көлөмү 136,9 миллион долларды түзсө, 2008-жылы 168,9 миллион долларга чейин көтөрүлгөн. (Эшимбеков, 2010:7) Түштүк Кореядан импорттолгон товарлар негизинен компьютерлер, автоунаалар, автотетиктер, электрондук техникалар жана жүк ташуучу унаалар. Ал эми Кыргызстандан бал, кургатылган жемиштер, болот, металл эмес минералдар экспорттолот.

2013-жылы Түштүк Кореядан импорттолгон товарлардын көлөмү 180 миллион долларды түзсө, Кыргызстандын экспорттук көлөмү 2 миллион долларга гана жеткен. Кыргызстандан экспорттолгон товарлардын көлөмүн арттыруу негизги маселелердин бири болуп саналат. 2014-жылы Түштүк Кореянын Кыргызстандагы элчиси Ким Чанг Гюнун “Вечерний Бишкек” гезитине берген интервьюсунда Түштүк Кореядан келген инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 170 миллион доллар болгонун белгилеген. Ошондой эле, элчи эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык кызматташтыктын перпективасы бар секторлор катары саламаттыкты сактоо, пайдалуу кен казуу жана иштетүү жана жеңил өнөр жайды атаган. (Борончиева, 2016: 96)

2004-жылдан 2013-жылга чейин Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда соода көлөмүнүн 50 миллион доллардан 163,9 миллион долларга өскөнү байкалган. Бирок 2015-

жылы 48%га азайып сооданын көлөмү 80 миллион долларды түзүп калган. Бул көрүнүш 2014-жылы Кыргызстандын Евразия Экономикалык Биримдигине мүчө болгондугу менен байланыштуу экени айкын.

Таблица 2 – Кыргызстанга Түштүк Кореядан келген тике инвестициялардын көлөмү

| Жылдар | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Инвестициялар, млн. доллар | 1.6 | 27.8 | 9.5 | 3.2 | 3.2 |

Булак: Кыргыз Репсубликасынын Улуттук статистика комитети. (2016). Кыргызстан цифраларда.

Бул таблицада 2011-2015-жылдар аралыгында Түштүк Кореядан Кыргызстанга келген тике инвестициялардын көлөмү берилген. 2011-жылы тике инвестициялардын көлөмү 1,6 млн долларды түзсө, 2015-жылы эки эсе көбөйүп 3,2 млн долларга жеткен. Кыргызстанга кореялык тике инвестициялардын көлөмүн чоңойтуу үчүн инвесторлор үчүн инвестициялык шарттардын коопсуз, ишеничтүү жана стабилдүү болушун камсыз кылуу керек.

Таблица 3 – Кыргызстандагы Түштүк Кореялык капиталдын негизинде ишмердүүлүк жүргүзгөн фирмалардын саны

| Жылдар | 2014 (Жалпы) | 2015 (Жалпы) | 2014 (толугу менен Түштүк Кореялык капитал) | 2015 (толугу менен Түштүк Кореялык капитал) |
|---|---|---|---|---|
| Фирмалардын Саны | 151 | 164 | 91 | 116 |

Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (2016). Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиги 2011-2015.

Жогорудагы таблицада Түштүк Кореялык капиталдын негизинде Кыргызстанда ишмердүүлүк жургүзгөн фирмалардын саны берилген. 2015-жылы жалпы фирмалардын саны 164 болсо, анын ичинен 116 фирма толугу менен Түштүк Кореялык капиталдын негизинде иш алып барат. Ал эми 48 фирма биргелешип түзүлгөн фирмалар болуп саналат. Булар негизинен чакан жана орто ишкердик жүргүзгөн фирмалар болуп эсептелет. Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда кызматташтыктын башталышында мындай фирмалардын саны 20 эле. Бүгүнкү күндө 164кө жетип отурат. Демек, 24 жылдын ичинде 8 эсе көбөйгөнү маалым.

Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы соода-экономикалык байланыштарды өнүктүрүү максатында 2012-жылы Экономикалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык комиссия түзүлгөн. Комиссиянын негизги максаты эки тараптуу экономикалык кызматташтыктын перспективаларын аныктоо жана бул тармакта экономикалык проекттерди ишке ашырууну көзөмөлдөө болуп саналат. Өкмөттөр аралык комиссиянын жыйындары эки ирет Сеулда өттү. Мындан ары да ишмердүүлүгүн активдүү жүргүзүп, эки тараптуу экономикалык мамилелерди өнүктүрүүгө шарттарды түзүп берүүсү кажет.

2014-жылы Сокулук районунда Кыргызстандык Корейлер Коомдук Уюмунун демилгеси жана Түштүк Кореянын элчилигинин колдоосу менен Кыргыз-Корей айыл чарба борбору ачылды. Бул борбордун негизги максаты жергиликтүү калк кышкысын жашылча-жемиштерди арзан баада сатып алышы үчүн теплицаларды куруу болуп саналат. 8000 м² аянтка помидор жана бадыраң өстүрүлгөн. Түштүк Кореядан келген адистер теплицада жашылчаларды өстүрүү боюнча семинар жана тренингдерди өтүштү. Ошондой эле, Кыргызстандын айыл чарба жана багбанчылык тармагындагы 50гө жакын адис Түштүк

Кореяда кыска мөөнөттүү курс окуп келишти. Борбордун ишмердүүлүгү эки өлкө ортосундагы экономикалык мамилелердин өнүгүүсү үчүн маанилүү тармактардын бири.

Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда экономикалык кызматташтыктын перспективалуу тармактарынын катарына туризмди да кошууга болот. Кыргызстанга кореялык туристтерди тартуу максатында 2015-жылы Түштүк Кореяда Кыргызстандын туризмин өнүктүрүү фонду ачылган. Бул фонддун негизги ишмердүүлүгү Түштүк Кореялыктарга Кыргызстанды таанытуу болуп саналат. Мамлекет тууралуу кененирээк маалымат берүү, көргөзмө, семинар жана башка таанытуу иш чараларын өткөрүү сыяктуу иштерди алып барышат. Ачылыш аземинде 200гө жакын кореялык ишкерлерге Кыргызстанда туризм жана инвестиция мүмкүнчүлүктөрү боюнча докладдар окулду. Бул фонд Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда экономикалык жана маданий кызматташтыкты өнүктүрүүгө жардам бермекчи.

2015-жылдын март айында Кыргызстанда Корея Республикасынын Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү агенттиги (КОИКА) ачылды. КОИКАнын негизги максаты жакырчылыкты жоюу максатында өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге жардам көрсөтүү, алардын жашоо деңгээлдерин жогорулатуу жана өнүккөн мамлекеттердин социалдык-экономикалык туруктуу өнүгүүсүндө кызматташуу болуп саналат. Бул уюм 1991-жылы түзүлгөн. (КОИКА, 2016) Кыргызстанга эгемендүүлүктү алгандан бери ар түрдүү проекттерди ишке ашыруу менен социалдык-экономикалык жардамдарды жасап келет. Жалпысынан 15,5 миллион доллар өлчөмүндө материалдык жардам көрсөтүлгөн. Акыркы жылдары ишке ашкан проекттердин арасында шайлоо системасында жаңы технологияны колдонуу, ооруканаларды куруу (250 кишилик областтык оорукана, 150 кишилик инфекциялык клиника курулган) болуп саналат.

**“Жаңы айыл” кыймылы жана Кыргызстан**

“Жаңы айыл” кыймылы Түштүк Кореянын экономикалык өнүгүүсүндө кабыл алынган өнүгүү модели болуп саналат. Бул өнүгүү элет жериндеги жашоочулардын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багытталган. 1960-1970-жылдары Түштүк Кореянын экономикасы начар абалда болгон. 1969-жылы Түштүк Кореянын мамлекет башчысы Пак Чон Хи өлкөнүн үчтөн экисин түзгөн айыл тургундарынын жашоосун өзгөртүү максатында “Семаил ундонг” же болбосо “Жаңы айыл” деген аталыштагы өнүгүү планын жарыялайт. (Дуглас, 2013:4) Анын негизинде айыл тургундарына цемент жана башка керектүү каражаттар берилип, айылдардын жашоочуларынын өз күчү менен биргелешип, жолдорду оңдоо, көпүрө салуу сыяктуу иштерди аткаруусу колдоого алынган. Биринчи ирет, бул программа боюнча 33000 айылга цементтер берилген. Анын жыйынтыгында берилген цементтерди туура колдонуп, айылдын инфраструктурасын жакшыртууга аракет кылган 16600 айылга кайрадан цемент жана темир берилген. Ал эми туура колдоно албаган айылдарга цемент берилген эмес. 1977-жылы бул программанын негизинде Түштүк Кореянын бардык айылдары “Жаңы айыл” кыймылына кошулуп, элет жериндеги социалдык абал абдан жакшырган. (Reed, 2010)

“Жаңы айыл” кыймылынын негизги ой-максаты жакыр жашаган айыл тургундарынын ой жүгүртүүсүн өзгөртүү болуп саналат. Анткени, жакырчылыкта жашаган адамдар мамлекеттен эле жардам күтүп, өзүнүн абалын тагдырына байланыштырып коет да, аракеттенүү, изденүү дегенди ойлобойт. Ошол себептен адамдардын ой жүгүртүүсүндө радикалдуу реформа жасап, айылдарда жашоо деңгээлин өзгөртүү абдан маанилүү болгон. Ар бир айыл ичинде жашоочулар бири-бирине жардамдашып чогуу көпүрө, мектеп салып, жолдорду оңдоп баштаганда өнүгүү мүмкүн экенине ишенишкен. Жыйынтыгында, Түштүк Кореянын бардык айылдарынын экономикалык абалы жакшырып, жалпы мамлекеттин да экономикалык көрсөткүчтөрү жогорулаган.

Кыргызстанда “Жаңы айыл” кыймылын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө максатында 2010-жылы Кыргызстанда “Семаил Ундонг Коомдук фонду” ишмердүүлүгүн баштаган. (Наматбаева, 2016) Кыргызстанда бул кыймылды ишке ашыруу үчүн бардык

шарттар бар. Биринчиден, Кыргызстан – агрардык мамлекет. Айыл чарба сектору экономиканын 40%ын түзөт. Өлкө ичиндеги экономикалык активдүү калктын 60%ы айыл чарба секторунда эмгектенет. Экинчиден, өлкөнүн калкынын 65%ын айыл тургундары түзөт. Негизинен айылда жашаган калктын социалдык-экономикалык абалы начар. Айыл тургундарынын жашоосун оңдоо менен, мамлекеттин жалпы экономикалык өсүүсүн камсыз кылууга болот. Үчүнчүдөн, өлкөдө 1,93 миллион киши жакырчылыкта жашайт. Ал эми жакырчылыкта жашагандардын 67,7%ын айыл тургундары түзөт. Демек, Түштүк Кореялык "Жаңы айыл" моделин ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өкмөт, өзүн-өзү башкаруу, айыл өкмөттөрү калк менен биргелешип, айылдын жашоосун оңдоого чогуу аракет кылуу керек. Кыргызстанда элдин өкмөткө болгон ишеними төмөн. Ошондуктан өкмөт башында айыл тургундарына кандайдыр бир өлчөмдө керектүү курулуш материалдарын берип, колдоо көрсөтсө, элдин ишеними артат да, чогуу иш алып баруу оңой болот.

**Корутунду**

Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосундагы дипломатиялык мамилелер 1992-жылы түптөлүп, бүгүнкү күндө өнүгүү этабына өтүүдө. 1992-2004-жылдар аралыгында эки мамлекеттин мамилелери дээрлик өнүккөн эмес. 1997-жылы Аскар Акаевдин Түштүк Кореяга жасаган сапарынан кийин 2006-жылга чейин жогорку деңгээлдеги расмий иш сапарлар жургүзүлгөн жок. Экономикалык жактан да, көрсөткүчтөр төмөн болгон. 1990-жылдары эки өлкөнүн ортосундагы соода көлөмү 8 миллион долларды түзгөн. 2000-жылдарга чейин кыргыз-корей борборлору дээрлик жокко эсе болчу.

2007-жылы Кыргызстанда Түштүк Кореянын элчилигинин ачылышы менен эки тараптуу мамилелер өнүгө баштады. Буга кошумча 2008-жылы Кыргызстандын Түштүк Кореядагы консулдугунун элчилик катары ишмердүүлүк жүргүзө баштаганы маанилүү саясий окуя болду. 2006-жылдан баштап, Кыргызстан менен Туштүк Корея ортосунда расмий жолугушуулар тынымсыз жургүзүлүп келет. Бул да жетишкендик катары бааланат. Өзгөчө соңку жылдарда мамлекет башчысы Алмазбек Атамбаев менен Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбековдун Туштүк Кореяга болгон расмий иш сапарлары эки өлкөнүн кызматташтыгына жаңы дем берди.

Экономикалык кызматташтыктын өнүгүүсүнүн көрсөткүчү катары 2014-жылдагы соода балансынын көлөмүнүн 168,9 миллион долларга жеткенин белгилөөгө болот. 1998-жылга салыштырмалуу кыйла өскөн. Бирок соода көлөмүнүн чоң бөлүгү Түштүк Кореядан келген импортко негизделет. Ошондой эле, Кыргызстанда иш алып барган Түштүк Кореялык фирмалардын саны да 20дан 164кө көбөйгөн. Эки өлкө ортосундагы экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү максатында төмөнкү уюмдар түзүлүп, иш алып барууда:

2010-жылы Кыргызстанда "Семаил ундонг" кыймылынын өкүлчүлүгү (коомдук фонд),

2012-жылы Экономикалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык комиссия,

2014-жылы Кыргыз-Корей айыл чарба борбору,

2015-жылы Түштүк Кореяда Кыргызстандын туризмин өнүктүрүү фонду,

2015-жылы КОИКАнын Кыргызстанда өкүлчүлүгүнүн ачылышы.

Кыргызстан менен Түштүк Корея ортосунда экономикалык кызматташтыктын перспективалуу тармактары жеңил өнөр жай, айыл чарба, пайдалуу кен байлыктарды казуу жана туризм болуп саналат. Өзгөчө Түштүк Кореяга экологиялык таза айыл чарба товарларын экспорттоо жакынкы аралыкта потенциалы жогору. Мисалы, бал, кургатылган жемиштер жана жаңгакты экспорттоонун көлөмүн көбөйтүүгө болот.

Эки тараптуу экономикалык мамилелердин өнүгүшүндөгү тоскоолдуктар төмөндө келтирилген:

1997-2006-жылдары жоргорку даражадагы расмий жолугушуулардын уюштурулбагандыгы,

Түштүк Кореянын мамлекет башчысы жана тышкы иштер министринин деңгээлиндеги расмий иш сапарлардын жүргүзүлбөгөндүгү,

1992-жылы дипломатиялык мамилелердин түзүлгөнү менен элчиликтердин кеч ачылышы (2006-2008),

1997-жылдагы Азиядагы экономикалык каатчылык,

Бишкек – Сеул – Бишкек авиакаттамынын жоктугу,

2005-жылдагы “Жоогазын” революциясы, 2010-жылдагы Апрель революциясы жана Июнь окуялары, алардын негизинде өлкөдөгү саясий башаламандык, экономикалык туруксуздук жана белгисиздик,

Инвесторлор үчүн ишенимдүү жана коопсуз инвестициялык шарттардын жоктугу.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда кызматташтык өнүгүү этабына кирди. Акыркы жылдары жүргүзүлгөн жогорку даражадагы расмий жолугушуулар, Кыргызстанда ачылган кыргыз-корей борборлору, кызматташтык уюмдары, Түштүк Кореяга кеткен кыргыз жарандарынын санынын өсүүсү, Кыргызстандык Корейлер Коомдук бирикмесинин активдүү ишмердүүлүгү тастыктап турат. Кыргызстандагы 17000 корей улуту өкүлдөрүнүн Кыргызстан менен Түштүк Кореяны байланыштырган көпүрө сыяктуу мааниси абдан чоң. Демек, эки тараптуу мамилелерди жогорку деңгээлге чыгаруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдүн бар экени анык. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында төмөндөгүдөй сунуштарды берүүгө болот:

Түштүк Кореянын мамлекет башчысы жана тышкы иштер министринин деңгээлиндеги расмий иш сапарлардын уюштурууга аракет кылуу,

Бишкек – Сеул – Бишкек авиакаттамын ишке киргизүү,

Кыргызстандан Түштүк Кореяга экспорттолчу айыл чарба товарларынын көлөмүн жогорулатуу,

Түштүк Корея ишкерлерине жана инвесторлоруна Кыргызстанды таанытуу, аларга коопсуз, ишенимдүү шарттарды түзүп берүү,

“Түштүк Корея – Борбордук Азия” кызматташтык форумуна активдүү катышуу.

Кыргызстандагы 17000 корей элин бириктирип турган Кыргызстандык Корейлер Коомдук Бирикмесинин ишмердүүлүгүн колдоо,

Кыргыз-корей кызматташтыгын өнүктүрүү максатында ачылган уюмдарды колдоого алуу, ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө.

Жогоруда келтирилген сунуштардын негизинде саясат жүргүзүлсө, Кыргызстан менен Түштүк Кореянын ортосунда дипломатиялык мамилелер өнүгүп, кызматташтыктын жогорку деңгээлине жетүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Колдонулган адабияттар

1. Асмолов, К. Генерал Пак Чон Хи. Очерк политической биографии // Сеульский вестник. – 2003. – Режим доступа: http://vestnik.kr/article/historypage/3338.html (10.12.2016).

2. Борончиева, Ш. Политический анализ двухсторонних отношений Кыргызстана с Республикой Корея // Вестник МУК. – 2016. – №2(30). – С.93-97.

3. Douglass, M. The Saemaul Undong: South Korea’s Rural Development Miracle in Historical Perspective // Asia Research Institute, Working Paper Series. – 2013. – 193. – Pp.1-34.

4. Eshimbekov, Chyngyz. The Current Situation of the Kyrgyz-Korea Diplomatic Relations and a Future Direction for Strategic Cooperation // The 3rd Korea-Central Asia International Conference, 2010. – Pp.7-16.

5. Корейцы Кыргызстана. – Режим доступа: http://assembly.kg/pdf/13Korecy.pdf (12.02.2017).

6. KOICA to open Bishkek Office. Korea International Cooperation Agency (KOICA), 2016. – http://www.koica.go.kr/english/board/press_releases/1319425_3534.html (10.01.2017).

7. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин орун басары Азамат Орунбаевдин жооп каты. 15.04.2017.

8. Кыргызстан цифраларда. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитети, 2016.

9. О деятельности посольства КР в Республике Корея. Кыргызстандын Түштүк Кореядагы Элчилиги. Электрондук почта аркылуу жөнөтүлгөн кат. 20.03.2017.
10. Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын, 2011-2015. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитети, 2016.
11. Наматбаева, Т. Будут новые деревни в Кыргызстане // АКИпресс. – 2016. – Режим доступа: http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:7852 (12.01.2017).
12. Reed, E.P. Is Saemaul Undong a Model for Developing Countries Today? // İnternational Symposium in Commemoration of the 40th Anniversary of Saemaul Undong. September, 2010. – Режим доступа: asiafoundation.org/resources/pdfs/SaemaulUndongReedSept2010FINAL.pdf (19.02.2017).
13. Токтомушев, К. Внешняя политика независимого Кыргызстана. – Бишкек: Сабыр, 2001.
14. Хван Вячеслав менен жүргүзүлгөн интервью. 15.02.2017.